КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

МАКУЛДАШЫЛДЫ
Б.Осмонов атындагы
ЖАМУнун Окумуштуулар
кеңешинде каралды
«31» 01 2025
№ 5 протоколу

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов атындагы
ЖАМУнун ректору
т.и.д., профессор
К.Ж.Усенов

# Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БӨЛҮМҮНҮН ЖОБОСУ

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин мамлекеттик тил бөлүмүнүн жобосу**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБО

1.1. Мамлекеттик тил бөлүмү Кыргыз Республикасынын Президентинин 1998-жылдын 20-январындагы №21-жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдоруна ылайык түзүлдү.

1.2. Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун алдындагы мамлекеттик тил бөлүмү "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын, университеттин Уставына, укуктук-нормативдик иш кагаздарына ылайык иш жүргүзөт.

## 2. БӨЛҮМДҮН НЕГИЗГИ МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Бөлүмдүн максаты:**

Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүн бекемдөөгө жана кыргыз тилинин өнүгүшүн колдоого багытталган тил саясатын ишке ашыруунун үстүндө иш алып баруу жана өлкөдөгү бардык тилдердин тең укуктуулугун жана сый-урматын камсыз кылууга, ошондой эле маданий жана тилдик көп түрдүүлүктүн өнүгүшүнө колдоо көрсөтүүгө умтулуу. Кыргыз тилин сактоо, өнүктүрүү, кеңири пропагандалоо жана жайылтуу боюнча иштеп чыккан программаларды ишке ашыруу.

**Бөлүмдүн милдеттери:**

2.1. "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдоруна, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын жобосуна, университеттин укуктук-нормативдик иш кагаздарына таянып иш жүргүзөт.

2.2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын ишке ашыруу боюнча укуктук-нормативдик иш кагаздарын (мыйзамдар, жарлыктар, жоболор, көрсөтмөлөр, буйруктар, иш пландар ж.б.), университеттин бардык тармактарына жеткирет жана ишке ашурууну уюштурат.

2.3. Окуу жайдын бардык тармактарында (факультеттерде, колледждерде, бөлүмдөрдө, ж.б.) иш кагаздарды мамлекеттик тилде жүргүзүү иштерин уюштурат, көзөмөлдөйт.

2.4. Окуу жайдын окуу-усулдук ишинде (окуу китептери, окуу колдонмолор, жумушчу программалар ж.б.), билим берүү стандарттарын, окуу пландарын, окуу дисциплиналарын, курстук, дипломдук, магистрдик иштерди мамлекеттик тилде жазуунун сапатын көтөрүү максатында иш алып барат.

2.5. Окуу жайдын аймагындагы көрнөк-жарнактардын мамлекеттик тилинде сапаттуу жазылышын көзөмөлдөйт.

2.6. Илимий-изилдөө жана илимий иштер жаатында (илимий-тажрыйбалык конференция, кереге кеңеш, илимий талкуулар, ж.б.) бөлүм көмөктөшөт, анткени илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, илимий эмгектерди жазууда жана тажрыйбалоодо кыргыз тилин колдонуу тил билимин өркүндөтүүгө жана тил көндүмдөрүн өнүктүрүүгө салымын кошот.

2.7. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедиясы жана терминология борбору менен тыгыз иш алып барат.

2.8. Мамлекеттик улуттук комиссиянын алдындагы «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси менен тыгыз иш алып барат.

2.9. "Манас" эпосу башында турган кыргыз элинин салттуу маданият-мурастарын, рух-дөөлөттөрүн (нарк-насил жана адеп-ахлак маселелери, улуттук искусствосу, каада-салты, оюндары, майрамдары ж.б.) сактоо, даңазалоо иштерин жүргүзүүдө окуу жайда шарт түзүп, маданий-эстетикалык, массалык-спорттук иш-чараларды уюштурат, өткөрөт.

2.10. Шаардык облустук, аймактык, республикалык жана Эл аралык деңгээлдерде өткөрүлүп жаткан иш-чараларга активдүү катышат.

## 3. БӨЛҮМДҮН ИШИН УЮШТУРУУ

1. Бөлүмдүн жалпы ишине борбордун жетекчиси (жетектөөчү адис) жооп берет. Бөлүмдүн ишинин сапатына бөлүмдүнн штатындагы кызматкерлери жооптуу. Бөлүм структуралык бөлүм катары университеттин мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча проректоруна баш ийет.
2. Бөлүмдүн кызматкерлери ээлеген кызматтарында тиешелүү квалификацияга ээ болушу шарт. Кесиптик ишмердүүлүгүндө чыгармачыл, ак ниеттүү, демилгелүү болуп ишмердүүлүк жана инсандык сапаттары жогору болушу, окуу жайдын бардык нормативдик иш кагаздарынын негизинде иш алып баруусу жана эрежелерин сактоосу шарт.
3. Бөлүмдүн штаты университеттин пландоо-каржылоо бөлүмү тарабынан аныкталып, МТТС проректору тарабынан университеттин ректоруна сунушталат жана ректордун буйругунун негизинде бекитилет.

## 4. ЖООПКЕРЧИЛИКТЕР

- Бөлүмдүн ишмердүүлүгүн уюштуруу, негизги максатын, милдеттерин, багыттарын жобонун негизинде ишке ашырат.
- Бөлүмдүн иш кагаздарын жобого жана эрежелерге ылайык ыкчам жана сапаттуу аткаруу.
- Бөлүмдүн кызматкерлери ишмердүүлүктөрүн, функционалдык милдеттерин, эмгек тартибин сактоосу шарт.
- Бөлүмгө таандык материалдык баалуулуктарды жана мүлктөрдү жана өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо.

## 5. БӨЛҮМДҮН КАРЖЫЛЫК-ЧАРБАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

1. Бөлүмдүн жана бөлүм өткөрүп жаткан иш-чаралардын чыгымдары университеттин атайын каражатынын эсебинен сметага киргизилип каралат.
2. Бөлүм университеттик, шаардык, областтык деңгээлдерде уюштуруп жана өткөрүп жаткан кээ бир иш-чаралар эсептик-каржылык негизде жүргүзөт жана андан түшкөн каражат (каржы булагы) ошол эле өткөрүлүп жаткан иш-чаранын чыгымдарына жумшалат.

Түзүүчүлөр: Доранова А.Д.
Калчекеев К.Б.